I. Куттуу Жумалыкка карата уюштурулган илимий конференция (28.04-02.05 1998-жыл )

# ИСЛАМ ЖАНА ТҮРК УЛУТТАРЫ

# ИСЛАМ ЖАНА ТҮРКТӨР*.

Проф. Мустафа Эрдем

Ислам дини дүйнөгө таанымал илахий (кудайдан түшкөн) диндердин эң акыркысы катары 610-жылы Мекке шаарында Алла Таала тарабынан Аз.Мухаммедге жөнөтүлгөн вахийдин (Алланын пайгамбарларга гана бериле турган аяны кабары) негизинде пайда болгон. Бул диндин илахий өкүмдөрү 23 жылда толукталган жана Кураны Керимде топтоштурулган. Кураны Керим Аз. Эбу Бекирдин падышачылыгы мезгилинде китеп катары чогултулган жана ушул убакка чейин эч бир өзгөрүүгө дуушар болбостон түп нускасы менен сакталып калган.

Ислам ишеничинде көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн нерселердин бардыгын жараткан- Алла Таала. Ал-жалгыз. Эч нерсеге муктаж эмес, тууган да эмес, туулган да эмес. Анын эч бир теңдеши жок. Аллах бул дүйнөнүн дагы, акыреттин дагы өкүмдары, кулдарынын жасаган иштеринин бардыгынан кабардар, анын башталгычы жок жана түбөлүктүү, түгөйү да шериги да, досу да жок.

Исламда ыймандын негиздери Аллага, мелектерге (периштелерге) Алланын жөнөткөн бардык илахий китептерине, пайгамбарларга, акырет күнгө (өлгөндөн кийин тирилүүгө), тагдырга (жакшылык-жамандыктын Алла тарабынан келгендигине) ишенүү аркылуу формулировкаланган. Ар бир мусулман ыймандын негиздеринде жалпы-баарына жана бөлөк-бөлөк ишенүүсү керек. Айрыкча ислам дининин ибадат жагы да бар. Бул ар бир мусулмандын шахадат (күбөлөндүрмө) сөзү менен ыймандын ачык айткандан кийин, намаз кылуусу, Рамазан айында орозо тутуусу, диний жактан бай деп табылгандардын жылда бир жолу зекет берүүсү, ден соолугу жайында болгон жана экономикалык абалы жакшы мусулмандардын өмүрүндө бир жолу ажыга баруусу менен түшүндүрүлөт. Исламда ар бир мусулман кыймыл аракетин контролдоого жана арам иштерди жасабоого милдеттүү. Булардын негизгилери адилетсиздик, адам өлтүрүү, зордуктоо, жалган сүйлөө, уурулук, ичимдик ичүү, кумар ойноо жана ушуга окшогон атуулдардын жана жалпы журтун көңүлүн

* Бул макала 1997-жылы 9-11-октябрь айында Кыргызстандын Ош шаарында өткөрүлгөн Оштун 3000 жылдыгына арналган эл аралык илимий конференцияга «Түрк калктарынын эски диний ишенимдери жана ислам» аттуу темада сунушталган. Мустафа Эрдем, Анкара университетинин теология факультетинин окутуучусу.

өзүнө бурган нерселерге Алланын буйругу менен тыюу салуулар болуп эсептелет.

Ислам ишеничинде бир нерсеге ишенүү сезими адам жаралганда аны менен кошо пайда болот. Ушунун негизинде мусулман адам-Аллага кул болууга, анын буйруктарына баш ийип аткарууга, тыюу салынган нерселерден баш тартууга, ибадат, дубаларды кылуу менен ага жакындоого милдеттүү. Алла ырыскы-дөөлөт берген, кыймыл- аракеттерин ар дайым көзөмөлдөгөн, ыйман кылып, кулдук милдетин аткаргандарды бейишке чыгаруу менен сыйлаган, ынануудан баш тартып, бузукулук кылып, Алланын буйруктарына баш ийбегендерди (жаханнам) тозок менен жазаландырган улуу жана кудурети күчтүү зат катары бааланат.

Жогоруда бери кыскача түшүндүрүүгө аракет кылып жаткан ислам динине түрктөр башка диндерге караганда өзгөчө маани беришкен жана жалпы баары (көпчүлүгү) чын көңүлү менен кабыл алышкан. Азыркы мезгилде түрк калкынын дээрлик бардыгы ислам динине киришти. Бул кыймыл аракеттин, көрүнүштүн негизги себеби- традициялык түрк дини менен ислам дининин ортосундагы окшоштуктар.[1]

Ислам дини VII кылымдын башында Арабстан жарым аралындагы Хижаз аймагында пайда болгон. Бул дин Аз.Мухаммеддин заманында эле өтө тез жайылуу менен Арабстанды кучагына алган. Түрктөр (кыргыз, өзбек, түркмөн, тажик, татар, чубаш, якут, ажербайжан жана анадолу түрктөрү) тарыхтагы эң түптүү, эң улуу жана эң эски калктардын бири болуп эсептелет. Булар узак мезгилдер бою борбору Алтай аймагы болгон Батыш тарабы Арал көлү, Чыгышы Орхон жана Тула дарыялары, Түндүктөн Лена дарыясынын башы, Иртыш жээктери жана Орто Енисей бөлүгү, Түштүктө Талас-Сыр дарыянын жээктерине чейин созулган Орто Азия аймагында жашашкан.

Бүгүнкү тарыхый маалыматтар, табылгалар түрктөрдүн тарыхындагы алгачкы мезгилдери тууралуу кеңири, так маалымат бере албайт. Көчмөн калк катары эсептелген түрктөр бул жерде жашоо менен гана чектелбестен, Орто Азияны борбор кылуу менен бирге Япония, Филиппин, Цейлон аралдарынан тышкары, Азия бөлүгүнүн бардык тарабына, Европаны, Египетти, Суданды ичине алган Түндүк Африкага чейин барышкан жана ал жерлерде өздөрүнүн таасирлерин көргөзө алышкан.[2]

Эски (карт) тарыхы эскилерге чейин узанышы, бай салт -санаасы, үрп-адаты, күч-кубаты жана географиялык отуруктaшуусунун жана ордунун маанилүүлүгү -түрктөрдү дүйнөлүк тарыхта өзгөчө даражага орунга жеткирди. Түрктөрдү дүйнөдөгү башка калктардан айырмалап кароого, өзгөчө маани берүүгө түрткү болгон эң негизги фактор дин экендиги талашсыз.

Дин инсан менен бирге жаралган, инсан менен бирге жарала турган система (курум). Канчалык тарыхтын тереңине көз жүгүртпөйлү, инсандардын кандайдыр бир жолдор менен динге ишенгендигин көрүүгө болот. Ушуга чейинки изилдөөлөр, археологиялык казуулар диний ишеничтен куру калган бир да калктын, бир да элдин жок экендигин ырасташкан. Ансыз да тарыхта да бир улутту, бир мамлекетти улут катары кармаган жана маданиятынын түзүлүшүнө өбөлгө болгон эң маанилүү нерсе дин экендиги

---

[1] Маалымат үчүн караңыз. Osman Turan, Turk Cihan Hakimiyeti Mefkuresi Tarihi, Istanbul 1979, 230-33; Unver Gunay-Harun Gungor, Baslangictan Gunumuze Turklerin Dini Tarihi, Ankara 1997, 174.

[2] Gunay-Gungor, 18.

маалым. Мына, түрктөрдү атам замандан ушул күнгө чейин жеткирген алардын диний ишеничи болгон.

Түрктөрдүн диний ишеничине кандай (ысым) ат берилгендиги азырынча так маалымат жок. «Эски түрк диний ишеничи» же «традициялык түрк диний ишеничи» деп аталган ишеничтерди кээ бир изилдөөчүлөр «жалгыз теңир ишеничи», «шаманизм» же «тоюнизм» деп да аташкан. Акыркы мезгилдерге чейин айтылып келген бирок да так кабыл алынбаган, туура көрүлбөгөн бул аталыштардын туура эмес экендиги айкындалды. Айрыкча, шаманизм, натуризм жана анимизмдерге тиешелүү өзгөчөлүктөрдү алып жүрүү менен бирге, салт-санааларында диний ишеничтердин кээ бир өзгөчөлүктөрүн сапаттаган, ошондой эле эски түрк урууларынын ишенген негизги дини болгон традициялык түрк диний ишеничтери бүгүн дагы Сибир-Алтай түрктөрүнүн арасында өзүнүн жашоосун сүрүүдө. Бул өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен Традициялык түрк динин түрктөрдүн Улуттук дини деп айтуу толук мүмкүн.[3]

Түрктөр ар түрдүү диний тажрыйбаларды башынан өткөрсө да алардын ичинде башка диндерди кабыл алгандардын саны аз болчу. Анткени түрктөр исламдан башка диндердин эч бирин өздөрүнүн ишеничи, маданияты менен айкалыштыра албады. Ислам динин кабыл алганга чейин түрктөрдүн бардыгы өз улуттук диндеринен башка бир да дин менен толук жана уюмдашкан түрдө экендигин айырмалай алган эмес. Түрктөр ыкчам кыймыл-аракеттүү, активдүү калк болгон жана бир Кудайга ишенишкен, адеп -ахлакка өзгөчө көңүл бурган жана «акырет күнүнө», «наркы дүйнөгө» ишенишкен. Ал эми буддизм, манихеизм жана христианствого окшогон диндер инсанды пассивдештирүүчү өзгөчөлүккө ээ. Булардын ичинен, Буддизм-кембагалчылыкка, мусапырчылыкка үндөйт, кудай түшүнүгүн ачык, так мүнөздөй албайт жана акыреттеги жашоого маани бербейт. Ошондуктан Көк түрктөр өздөрүнүн диний ишеничине салт-санаасына жана улуттук мүнөзүнө каршы келгендигин билип, буддизмди дин катары кабыл алуудан баш тартышкан. Буддизмди кабыл алган түрктөр жөнүндө Жахаз мындай дейт:

«Түрктөр Буддизмге киргенден тартып согуштарда жениле турган болду. Түрктөрдүн эң баатыр колдорунун бири Тогуз (уруулар) дар мунун далили боло алат. Болбосо, Тогуз огуздар (уйгурлар) өздөрүнөн эки эсе көп Карлык түрктөрүн дайыма жеңчү эле. зындыктардын динине (Буддизмге) кире баштагандан тартып алардын баатырдык, тайманбастык, эр жүрөктүк сезими өчкөн жана бечаранын кейипин кийген. Анткени зындык дини (буддизм)-дүйнөдөн алыстоону, жумшактыкка үндөө менен Христианчылыктан дагы жаман таасир калтырат.[4]

Манихеизм [5] болсо агностицистик дуализмди негиз кылып алган. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө 200млн.дун тегерегинде түрк калкы жашайт. Булардын арасында эски улуттук диндерди кармагандар жана христианчылык жана иудуаизм динине ишенгендер да бар. Бирок буларга карабастан

---

[3] Маалымат үчүн караңыз. Abdurahman Kucuk- Mustafa Erdem, Dinler Tarihi, Eskisehir-1995, 178. Шаманизм жана түрктөрдүн эски ишенимдери жөнүндө кеңири маалымат алуу үчүн : Ibrahim Kafesoglu, Turk Milli Kulturu, Istanbul-1994, 287-9.

[4] Zekeriya Kitapci, Turkistan'da Isdlamiyet ve Turkler, Konya-1988,66.

[5] Манихеизм жана бул диндин түрк калктарынын арасында жайылгандыгы тууралуу кеңири маалымат алуу үчүн: Harun Gungor, «Maniheizm», E.U. Ilahiyat Fakultesi Dergisi, Kayseri-1988, V/145-166.

түрктөрдүн 99% мусулман. Түрктөрдүн диний тарыхы традициялык түрк дини жана универсал диндер деп аталган эки этаптан турат.

Байыркы замандарда эле чоочун, жайылуучу жана дүйнөлүк мүнөздөгү диндер, ишеничтер убакыттын өтүүсү менен түрктөрдүн арасында байкала баштады. Көп өтпөстөн бул диндер түрктөрдүн арасында өзүнүн ордун тапты. Ушунун негизинде түрктөрдүн диний тарыхындагы «Универсал диндер» бөлүмүн (этабын) төмөндөгүдөй түрдө экиге бөлүүгө болот:1) «Универсалдуу диндер» менен байланышуу жана маалымат алуу үчүн. 2) «Түрктөр жана ислам».[6]

Түрктөрдүн тарыхы жөнүндөгү маалыматардын аз болушу алардын диний тарыхы үчүн да тиешелүү. Түрктөр негизинен көчмөн калк болгондуктан, алар жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды үйрөнүү мүмкүнчүлүгү болбоду жана маалымат алуу үчүн алардын коңшуларынын алар туурасындагы баяндамаларын үйрөөнүүгө мажбурбуз. Эгер бир улут башка бир улуттун диний жашоосу, үрп-адаттары, салт-санаасы жөнүндө маалымат берген болсо, ал маалыматты этияттык менен талдоо керек. Бул багытта түркчө булактар жетишсиз болсо да алардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар.

Байыртадан бери эле түрк маданияты жана дини, айрыкча түштүктөн жана батыштан келген таасирлерге туш болгон. Орто Азиянын диний маданиятына Месопотомия, Иран, Кытай, Индия тараптагы диндердин жана Тибет ламаизми, христианчылык, манихеизм жана исламдын таасири абдан чон болгон. Бирок жогорудагы тышкы таасирлер түрктөрдүн нукура динин өзгөртө алышкан эмес жана илгертен бери ишенип келген «Теңир» ишеничи өзүнүн ордун сактады. Бул «Теңир» ишеничинин нукуралыгы жана туруктуулуугу түрктөрдүн диний тарыхын-Теңир менен болгон байланышы катары кароого себеп болду.[7]

Түрктөрдүн диний тарыхындагы эң эски термин «Теңир» деп аталат, «Теңир» сөзу адабиятта «Көк» (Асман) сөзу менен биригип ишениминин эң негизги өзгөчөлүгү анын антропоморфикалык мүнөздө болуп [8] «Көкө Теңир» (Улуу Тенир деп айтылат) жаратуучу, түбөлүктүү, окшошу болбогон, каалаганын жасаган, жардамчы, жазаландыруучу, коргоо, адамдарга билим берүүчү жол башчы жана кулунун дубасын кабыл кылуучу бир зат катары сүрөттөлгөн.[9] Исламдагы Аллах түшүнүгүнө өтө жакын болсо да «Көкө Теңирдин» илахий (кудайдан түшкөн) диндерге окшогон сыйынуучу жерлери жок. Байыркы Түрктөр анын сүрөтүн, айкелин жасашкан эмес.[10]

Түрктөр «Традициялык түрк дини» этабында эле монотеист мүнөзгө ээ болгон. П.Вильем Шмит - түрктөрдүн тээ Азия гундары доорунда эле, монотеизмге карай ыктаган улуу бир динге ээ экендигин белгилеген. Теңир-түрктөрдүн тарыхынын кээ бир учурларында «түрктөрдүн улуттук Кудайы» катары көрүлгөнү менен [11] ар дайым универсалдуу Кудай катары белгилүү болгон.[12]

---

[6] Маалымат үчүн караңыз. Gunay-Gungor,26.

[7] Маалымат үчүн караңыз. Gunay- Gungor,26.

[8] Маалымат үчүн караңыз. Kafesoglu, 295-301, Gunay-Gungor, 39.

[9] Маалымат үчүн караңыз. Turan, 107-119; Laszlo Rasonyi, Tarihte Turkluk, Ankara - 1988, 29-30.

[10] Маалымат үчүн караңыз. Gunay-Gungor, 39.

[11] Маалымат үчүн караңыз. Turan, 118-119; Kafesoglu, 295-6.

[12] Маалымат үчүн караңыз. Gunay-Gungor, 40.

Түрктөр Теңирдин өлбөстүгүнө ишенишет. Аларда акырет, жаза күнү эсеп-кысаптын болушу, бейиш жана тозокко ишенүү бар. Түрктөр бүгүнкү «Мункер-Ненкир»деп аталган эки мелекке (периштеге) окшогон «Явучи» (оң жакта) жана «Корбос» (сол жакта) деген периштелерге ишенүү менен рухтардын түбөлүктүүлүгүнө жана жаман-жакшы рухтардын бар экендигине ишенишкен.

Түрктөр «Юг» деп аталган жана аларда жаназа аземи өтө маанилүү болгон. Өлгөн кишинин социалдык абалына жана жашаган региондоруна жараша өзгөрүп турат. Өлгөн кишини алгач чатырга коюшат. Жакын туугандары өлүккө арнап курбан чалышат жана чатырдын тышына коюшат.[13]

Ар бир улуттун адеп-ахлактык балуулуктарынын пайда болушунда диний ишеничтердин таасири чоң. Түрктөрдүн да туруктуу жана тасирдүү адеп-ахлактык өзгөчөлүккө ээ болушуна алардын түптүү диний үрп-адаты чоң рол ойногон. Түрктөр чынчылдыкка өтө көңүл бурушкан. Алар бузукулук, зордуктоо, жалган сүйлөө, уурулук, адам өлтүрүүгө окшогон жүз кызартуучу иштерден алыс болушкан. Боюн көтөрүү, өзүн жогоруу сезүү эң жаман кулк-мүнөз катары көрүлгөн. Алар дайыма ак ниеттүү болушкан, жакшылыкты сүйгөн боорукер эл болгон. Бирок бул алардын күнөлүүлөрдү жөн гана кечирип, адилетсиздиктерге көз жумгандыгын көргөзбөйт, тескеринче күнөөлүүлөрдү адилеттүүлүк менен жазалашкан. Эң чоң жаза зордуктагандарга жана согуштан качкандарга берилген. Түрктөрдүн жазалоо методуна мисал катары Бахеддин Өзел төмөнкүлөргө токтолгон: «Кыргыздардын жаза системасы абдан катуу болгон. Мамлекеттик деңгээлдеги маселелерге каршы чыккандардын жана бузукулук кылгандардын башы алынган. Ууру балдардын башын алдырып атасынын мойнуна илип коюшкан. Атасы ал башты өмүрүнүн акырына чейин мойнунан чыгара алган эмес».[14]

Түрктөр чечкиндүү, эмгекчил, ыкчам, өзүнүн ордун билген эл болгон. Алар согушчул, жоокер калк болгондуктан тартипти катуу кармашкан жана душманга каршы согушууну негизги принцип катары көрүшкөн. Алардын эң негизги адамдын көңүлүн бурган өзгөчөлүгү намыскөй болгондугу. Алар төшөктө жатып өлгөндөн, ал тургай картайып ооруп өлгөндөн намыстанышкан.[15] Башкаларга кул болуу, аялдарын душман колуна өтүшүн өлүмдөн катуу уят катары көргөн. Жетишкендиктери менен мактангандан, макталгандан, сөзүндө турбоодон, жалган сүйлөөдөн уялышкан. Үй-бүлө калктын эң кичинекей түзүлүшү катары ыйык эсептелген. Аялы менен күйөөсү бирин-бири эч качан алдаган эмес. Инсандардын арасында тең укуктуулук жана адилетүүлүк болгон.

Түрктөрдүн традициялык диний ишеничи тууралуу Осман Туран төмөнкүлөрдү айткан: «Пайгамбар жана вахийдин ( Кудайдан түшкөн кабар) негизинде пайда болгон диний китеби жок болуп туруп, Кандайча Жалгыз кудайга ишенүүгө (монотеизм) жетишкендиги дале болсо бизди кызыктырган суроолордун бири. Анткени ал мезгилдерде түрктөр-семалий дептер илахий (кудайдан түшкөн китептердин негизинде пайда болгон) диндерди да кабыл ала элек болчу. Чындыгында алар Жалгыз Кудайга ишенүү менен исламга канчалык жакындаса да пайгамбары жана ыйык китеби болбогондугуна байланыштуу семавий дептерден толугу менен айырмаланып турду. Бирок Жалгыз Кудайдын

---

[13] Маалымат үчүн караңыз. Turan, 124-5; Baheddin Ogel, Islamiyetten Once Turk Kultur Tarihi, Ankara - 1988, 152-4; Rasonyi, 27; Kafesoglu,290-4; Kucuk-Erdem, 186-7.

[14] Ogel,209.

[15] Маалымат үчүн караңыз. Kafesoglu, 333.

өзгөчөлүгү жана сапаттарына окшогон эң маанилүү маселелерде бир гана бутпарастардан (Буддизм) эмес, Тоорат жана Инжил (библя)дин бузулуп өзгөртүлгөнүнө байланыштуу иудоализм жана христианстводон да жогорку даражага жетишкен. Ошондой эле өздөрүнүн мүнөзүнө, диний ишеничине туура, төп келген ислам динин жалпы калктын дини катары кабыл алышкан. [16]

Осман Турандын жогорку чечмелөөлөрү традициялык түрк дининин негизги принциптери жагынан өтө маанилүү, айрыкча Теңир түшүнүгүндөгү дааналык жана адеп-ахлакий баалуулуктары ислам динине болгон жакындыкты ачык көрсөтүп турат. Бирок традициялык түрк désinde кадыр-баркка таянуучулук негизги орунда турган. Ошондой эле диний ишенич , ынаныч элементтери жетиштүү деңгээлде уюшулган эмес. Оозеки саптардын жазууга өтүшү жана Кудайдагы системаны таанып билүү бир кыйла убакытты алган. Ушул мезгилде биология, басмеология, антропология жана экскаталогия түшүнүктөрү системалаштырылып, алдынкы тепкичтерге жеткен эмес. Ыйык китеби, пайгамбары же диний куруучусу, болбогондуктан адеп-ахлак, укук принциптери, үрп-адаттары салт-санаанын бир элементи катары аныкталган.[17]

Түрктөр дини өзгөчөлүктөрү аркылуу эски замандардагы калк диндеринин өзгөчөлүктөрүн элестетет. Бул диндер дүйнөнүн дээрлик бардык тарабында өз ордун дүйнөлүк диндерге бошотуп берген. Кээ бир адамдардын саны өтө аз жана булун, бурчтардагы аймактарда гана сакталып, тышына да таркай баштаган. Ислам дини алгачкы (4) халифанын заманында дүйнөнүн көптөгөн жерлерине таркай баштаган. Ушул мезгил ичинде түрктөр да ислам динин кабыл алган. Убакыттын өтүшү менен ислам дини түрктөрдүн арасында өтө тездик менен жайылган жана X к-да топ-тобу менен исламды кабыл алышкан. Түрктөрдүн исламга кириши ушуну менен гана чектелбестен XIX кылымга чейин созулган. Демек, түрктөрдүн исламга кириши миң жылдан ашуун тарыхый мезгилди камтыган. [18]

Түрктөрдүн Аз. Мухаммеддин заманында эле арабдар менен байланышта болгондугу туурасында маалыматтар бар.[19] Кийинчерээк бул байланыштардын ого бетер күчөгөндүгү 700-жылдары мусулман Араб аскерлеринин Маверуннахирге жана Орто Азияга чейин келиши, 751-жылкы Талас согушунун өтө маанилүү рол ойногондугу билинүүдө.[20] Аббасийлер башкаруусу түрктөр менен болгон байланыштын күчөгөн мезгили. Түрктөрдүн ичинен ислам динин эң алгач кабыл алгандар Волга-Идил болгарларынын мамлекети болгон[21]. Ислам динин жалпы элдин кабыл алуусу Саманийлердин доорунда(874-999) болгон. Саманий эмирлигинин борбору Бухара болгон жана X кылымды мусулмандар Орто Азиянын «Алтын доору» деп жарыялаган.[22] Саатук Буура Хандын мусулман болушу менен бир тепкичке көтөрүлгөн. Бул окуя түрк тарыхын толук өзгөрткөн жана түрктөрдүн кескин түрдө исламга кириши менен аякталган.[23]

---

[16] Turan, 117.
[17] Маалымат үчүн караңыз. Gunay-Gungor, 91.
[18] Маалымат үчүн караңыз. Gunay-Gungor, 169.
[19] Маалымат үчүн караңыз. Gunay- Gungor, 175-6.
[20] Маалымат үчүн караңыз. A.Zeki Velidi Togan, Umumi turk Tarihi'ne Giris, Istanbul-1981,55-6; E.Gungor, 65-6;Gunay Gungor, 193;Ayrica Bkz. Doustan Gunumuze Buyuk Islam Tarihi, Ed. Hakki Dursun Yildiz, Istanbul-1990, VI/17-9.
[21] Маалымат үчүн караңыз. Togan, 58; E. Gungor, 63.
[22] Маалымат үчүн караңыз. Togan, 56;Gunay-Gungor,202.
[23] Маалымат үчүн караңыз. Turan, 239-404 Togan, 58-9; Doustan gunumuze Buyuk Islam Tarihi, VI/34-9; E.Gungor, 67-8;Gunay Gungor, 211-2.

XI кылымда Орто Азияда ислам дини жайылуу жана түптөлүү этаптарын уланта берген. Ислам дининин түрктөрдүн арасында жайылышы мусулман-түрк башкаруучулардын демилгеси менен болгон. Бул болсо түрк-ислам тарыхында жаңы бир доорду баштайт. Түрктөрдүн топ-топ болуп исламга кириши түрк дин тарыхы үчүн - түрктөрдүн тагдырынын кандай боло тургандыгын айтууга мүмкүнчүлүк берген.

Түрктөрдүн ислам динине кириши-арабдардын башкаруусундагы бир доорго жана ошондой эле ислам саясатынын жана маданиятынын төмөндөй баштаган учуруна дал келген. Түрктөр ислам маданиятында өзгөчө бир жандануунун пайда кылды. Ибни Сина, Жувейли, Беруни, Жусуп Хасхажип (Баласагын), Махмуд Кашкари, Земахшери, Шахристани, Фахруддин Раази, Алишер Навойи, Бухари, Матуриди, Али Бин Осман Эл-Ошиге окшогон улуу окумуштуулар ушул доордо жашашкан. Маданият тармагындагы прогресс түрктөрдүн ислам дүйнөсүндөгү өзгөчө саясий күч болушуна түрткү болгон. Ошентип Орто Азияда башталган исламды жайылтуу аракети түрктөрдүн башкаруусунда болуп, бир жагынан Түштүккө, Индияга карай жайылуу менен бирге экинчи жагы Батышка карай да жылып отурган. Батышка карай жөнөгөн мезгилде алар орто кылымдын тонгон караңгы дүйнөсү катары бааланган. Христиандардын кресттик жортуулдарына дуушар болушкан. Болжол менен эки кылым ашуун улантылган таймашууларда мусулман түрк калкы көптөгөн ийгиликтерге жетишкен, Христиан дүйнөсү Осмон мамлекетинин алгачкы мезгилдеринде түрктөрдү Европа жана Анатолиядан кууп чыгуу үчүн канчалык күч жумшаса да, ислам дининин Европанын ортолоруна чейин киришине тоскоол боло алган жок. Болгону христиандардын крестик ордосу менен болгон таймашууда түрктөрдүн өз ара ичиндеги бири-бирин түшүнбөстүктөрү, абдан чоң энергиянын жоголушуна себеп болду. Тарыхый китептерге карасак жогорудагыдай өз ара келишпөөчүлүктөрдүн негизинде кимдер эң көп жапа чеккендигин оңой эле билүүгө болот.

Осмон мамлекетинин тушунда Ислам дини дүйнөнүн эң улуу дини катары таанылган жана түрдүү жерлерге жайылган. Орто кылымда Ислам дүйнөсү ар түрдүү тармактарда ийгиликтерге жетишкен. Дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекет экендигине карабастан өздөрүнүн тубаса боорукердик, акыл-эстүүлүк, гумандуулук мүнөзүнүн негизинде ассимиляциялоо процессине эч качан жол берген эмес. Диний сезимдеринин негизинде арабча эмгектерди, чыгармаларды таратууну ибадат катары көрүшкөн жана фарсча пайдаланууну да четке кагышкан эмес. Осмон империясынын тушунда ар ким өзүнүн тили менен динин мурдагыдай эле сактап калышкан. Эч кандай тоскоолдуктар болгон эмес.

## Корутунду

Дүйнө жүзүндө динге окшоп адам баласын курчаган эч нерсе жок. Динди алмаштыруу-бир улуттун жашоосунун тарыхынын, маданиятынын түп тамырынан бери өзгөрүшүнө таасир этүүчү процесс болуп эсептелет. Түрктөрдүн Исламга кириши да ушундай болгон. Алар жаңы динди чын ыкласы менен кабыл алышкан жана эски маданиятынын издерин өчүрүшкөн. Түрктөр мусулман болгондон тартып тарыхын, дастандарын, үрп-адатын, кыскасы, маданиятын исламдын руху, исламдын духу менен жаңыдан оңдоп чыгышкан. Ушунун негизинде түрктөрдүн исламга кириши-бир маданияттан башка бир маданиятка өттү дегендикке жатат жана экинчи жолу эч качан артка кадам

таштабай тургандыгын айгинелейт. Түрктөрдүн тарыхтагы жасаган иштери түрктөр менен исламдын бир мааниде колдонулуусуна түрткү болду. Ислам дегенде түрктөрдү, түрктөр дегенде исламды түшүнүп калышкан, Ислам менен мынчалык жакын мамиледе болгон түрктөрдөн башка бир да улут жок.

1) Адамдардын кыямат күнүнө ыйман кылуусун жана жакшы иш кылышын кудай буйруган

2) Жакшы иш кылуу менен бирге туугандарына, ата-энеге жакшылык кылуу, тоодо калгандарга, жолдо калгандарга жардам берүү, көп эмгектенүү менен бирге эң жакшы адепке ээ болуп, туура жолдон чыкпаш керек. Мамлекетти алып баруу боюнча Аллага ыйман, Пайгамбарга ыйман кылып, өзүңүздөн чоң башкаруучуларга баш ийип, адилеттүүлүк менен мыйзам чыгарып, аманат болгон нерсени өзүнүн ээсине бериңиздер. Ишеничтүү адам, башкача айтканда, бардык адамдын ичиндеги адам, жалган айтпаган, уурулук кылбаган, бирөөгө жамандык кылбаган адам. Ушул сыяктуу эле, Пайгамбарлардын да адамдардан болгон айырмачылыгы «ишеничтүү» деген сапаты бар. Бул нерселерди айтканыбыздын себеби мамлекеттин иштерин алып барган адамдарга тиешелүү. Бул иште иштеген кызматкерлер ар дайым ишеничтүү болушу керек.